# Депозиттер

*(2016-жылдын 12 айы үчүн)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктардын депозиттер рыногунда депозиттик базанын 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу көбөйүшү байкалган, бул негизинен улуттук валютада депозиттер көлөмүнүн өсүшү менен шартталган.

2016-жыл ичинде чет өлкө валютасында жана улуттук валютада кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин көрсөткүчтөрү олуттуу өзгөргөн эмес.

Түзүм боюнча коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өсүшү ишканалардын эсептериндеги акча каражаттардын калдыктарынын көбөйүшү, ошондой эле талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин өсүшү менен мүнөздөлгөн. Калктын мөөнөттүү аманаттары тескерисинче отчеттук мезгил ичинде төмөндөгөн.

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан тартып 4,1 пайызга көбөйүү менен 107,1 млрд сомду түзгөн. Бул көбөйүү улуттук валютада депозиттердин 48,2 пайызга, 52,4 млрд сомго чейин өсүшүнө байланыштуу болгон. Депозиттик базанын валюталык түзүүчүсү тескерисинче 19,0 пайызга, 54,7 млрд сомго чейин төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде депозиттик базанын убакыт боюнча түзүмүндө банктардын кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринде каражаттарынын үлүшүнүн 27,0 пайызга (+2,6 п.п.) чейин көбөйүшү белгиленген. Эсептешүү эсептеринде үлүш 35,7 пайызды (+4,1) түзгөн. Депозиттик базанын мөөнөттүү аманаттарынын үлүшү тескерисинче 37,3 пайызга чейин (6,7 п.п.) төмөндөгөн.

Рыноктун концентрацияланyу индекси 0,11 деңгээлинде калыптанган, бул концентрацияланууунун орточо деңгээлине ылайык келип, рынокто бирдей үлүшкө ээ тогуз катышуучу катышкандыгына дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүү көлөмүнүн көбөйүшү байкалган. Отчеттук жыл үчүн жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмү[1] 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 15,9 пайызга көбөйүү менен 463,9 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көлөмү 249,0 млрд сомду (+31,0 пайыз), чет өлкө валютасында – 214,8 млрд сомдук эквивалентти (+2,3 пайызды) түзгөн.

Түзүм боюнча жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көбөйүшү негизинен талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин өсүшү менен камсыз болгон, алардын көлөмү мезгил ичинде 21,3 пайызга көбөйгөн. Мында, алардын үлүшү мөөнөттүү аманаттардын үлүшүнүн пропорционалдуу (14,0 пайыздан 10,0 пайызга чейин) кыскарышы менен 86,0 - 90,0 пайызга чейин өскөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу өзгөрбөстөн 2,4 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютада мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 12,5 пайызды (-0,3 п.п.), ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин – 1,3 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

**4-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,6 пайызды (-0,5 п.п.) түзгөн. Ушуну менен бирге чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 4,6 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин – 0,2 пайызды түзүү менен 0,1 п.п. жогорулаган.

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсеби эске алынбайт.